Бекитемин

Д. Шопоков о.м.

директору: /

Сатылганов Ж.Ж.

“ 15 ” 09 2021ж.

# Д. Шопоков атындагы орто мектебинин 2021-2022 окуу жылына карата билим сапатын жогорулатуу планы.

**Максат:** Окуу процессинде окуучулардын өз алдынча жана индивидуалдуу иштөө аркылуу билим сапатын жогорулатуу.

**Маселелер:**

1. Мектептеги окуу-тарбия процессинин жыйынтыгын анализдөө.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы аттестацияларынын жыйынтыгын анализдөө.

3. Психологиялык-педагогикалык факторлордун окуучулардын окуу деңгээлине тийгизген таасирин аныктоо.

4. Ар бир окуучу менен дифференциалдуу байланыш жолун аныктоо.

Мектептеги окуу процессин башкаруу ар бир бала жөнүндө маалыматты билүү менен байланышкан.

**Администрациянын билим сапатын жогорулатуу боюнча иш чаралары.**

Окуу процесси боюнча:

1.Окутуу-тарбиялоо процессин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон бардык шарттарды түзүү.

2.Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана жаңылоо.

3.Окуу тармактарынын аткарылышын көзөмөлдөө.

4.Окуу процессин үзгүлтүккө учуратпайуюштуруу.

5.Мамлекеттик окуу программаларынын пландарынын негизинде окутуу.

6. Азыркы окуу процессин анализдөө жана отчеттук документацияныныдаярдоо.

7. Класстардын жетишүү динамикасын анализдөө.

Класстар боюнча көрсөтүлгөн маалыматтарды чогултуу жана текшерүү.Ушул жыл боюнча класстын жетишүү анализин жалпы жана экзамендик баалары аркылуу түзүү. Окуучулардын предметти өздөштүрүү боюнча билим деңгээлин срез аркылуу, административдик текшерүү ишин алуу аркылуу текшерүү. Сабактарга катышуу аркылуу балдардын билим деңгээлин аныктоо. Окуучуларга анкета жүргүзүү жолу аркылуу психологиялык-педагогикалык фактордун маанисин аныктоо.

Тарбия процесси боюнча:

1. Мектептеги тарбия иштери боюнча форма жана методикалык иштерин калыбына келтирүү.
2. Жазуу жүзүндө тарбия иштери боюнча суроо жүргүзүү.
3. Педагогдор арасында тарбия иштери боюнча кыйынчылыкты тактоо.
4. Жаш өспүрүмдөр арасында эффективдүү түрдө профилактика иштерин жүргүзүү.
5. Иш чарага катышуу тууралуу анализ, кружок жана секцияларга окуучулардын активдүү катышуусу.

**Мектептеги предметтик мугалимдердин окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча иш чаралар.**

Окуучулардын мектеп системасына даяр эместигин үй тапшырмасын убагында аткаруу аркылуу текшерүү.

Белгилүү көйгөйлөр окуучулардын билим алууга жана иш тарбия процессине, жана алардын ичинде жаңы предметтерге кыйналып жаткан окуучуларга жардам берүү. Жаңы предметти окууга үйрөтүү. Окуучулар менен жеке иштөө. “Зээндүү”, “Орто” окуган окуучулар менен иштөө. Жарым жыл ичинде жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу.Консультация берүү, калтырган сабактарды кайталоо.

Мектеп ичинде олимпиадалык иштерди өткөрүү.,интеллектуалдык оюндарды уюштуруу. Олимпиадага даярдоо.

Мектепте “китеп окуу”  сынагын уюштуруу.

1 предметтен  “3” чыккан окуучулар менен иштөө.

Өткөн жылдагы окуу иштери менен салыштыруу.

Башталгыч класста окуу техникасына жана грамматикасына көп көңүл бөлүү.

Мектеп окуучуларынын кошумча китептерди көп окуусуна көңүл буруу.

Үйгө берилген тапшырманын көлөмүн анализдөө.

НЦТ, ОРТ даярдоо.

Жыйынтыктоочу аттестацияга даярдоо.